| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТҮП РАЙОНУ**<br><br>**САНТАШ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТЮПСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**САНТАШСКОГО АЙЫЛЬНОГО**<br>**АЙМАКА** |

# САНТАШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

## ТОКТОМ

**Санташ айылдык кеңешинин XXVIII -чакырылышынын XIII- сессиясы**

“13” апрель 2022 жыл № 54 Байзак айылы

**Санташ айыл аймагынын «Токой фондусунун жерлеринин» категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө.**

2013-жылдын 15-июлу№145 Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана 2014-жылдын 19-март №169 «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун негизинде Санташ айыл кенешинин 28-чакырылышынын 13-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Түп- Кеген жана Каркыра – Турук - Сары-Жаз участокторундагы автоунаа жолдорун кенейтүү жана реконструкциялоо максатында, Токой фондусунун жерлеринен 7,1га жер тилкелерин “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берет.
2. Токой фондусунун жерлери категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлердин” категориясына которуу материалдары Түп райондук мамлекеттик администрациясына жиберилсин.

**Санташ айылдык кенешинин төрагасы** **Орозбаков Э.С.**